
Кырг
83.8
К 61

NIKE компаниясынын негиздөөчүсү

# ФИЛ НАЙТтан

эмне үйрөнө алам?



китепстан

Кырг
83.8
К 61

# NIKE компаниясынын негиздөөчүсү

# ФИЛ НАЙТТАН


## эмне үйрөнө алам?

Фредрик Колтиң жана Мелисса Медина
Сүрөтчү – Нацуко Йонеяма

РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 36 263 б/р

РБДЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК

китепстан






# КЕЛ, ФИЛ НАЙТ МЕНЕН ТААНЫШАЛЫ

Ал бизнесмен жана Nike компаниясынын негиздөөчүсү. Бул силерге тааныш, эмблемасы лыжага окшогон спорттук кийим жана бут кийим жасаган компания. Филдин идеалдуу кроссовка чыгарам деген каалоосу же өзү айткандай, “акылга сыйбаган” идеясы дүйнөдөгү эң популярдуу бут кийимге айланды. Азыркы учурда аны жүз миллиондогон киши кийип жүрөт. Рахмат, Фил!




Фил жөн гана мыкты бут кийим жасоо менен чектелбей, башкаларды шыктандырган компания да курду. **Nike** атактуу спортсмендерге өзгөчө бут кийим өндүргөн алгачкы бренддердин бири. Ал жаңы муунду сергек жашоого, ыңгайлуу кийинүүгө жана өзүн эркин алып жүрүүгө шыктандырды.



Анын чуркоого ыңгайлуу бут кийим сатуу кыялы Америкадагы эң таанымал брендге айланды.

## ФИЛ НАЙТ ТУУРАЛУУ



# КЫЗЫКТУУ ФАКТЫЛАР




1 Филдин атасы Oregon Journal деп аталган гезиттин ээси болгон. Бирок ал уулун жумушка алган эмес. Фил болсо анын атаандашы болгон Oregonian аттуу гезитке жумушка орношкон.

2 Фил орто аралыктарга жакшы чуркаган. Анын жеке рекорду – 1 милди (1609 метр) 4 минута 10 секундда чуркап өткөн!





3 Бут кийим чыгарууда Филдин өнөктөшү Орегон университетиндеги тренери Билл Бауэрман болгон.

4 **Nike** алгач *Blue Ribbon Sports* деп аталган.



5 Фил эң алгач жапониялык Onitsuka компаниясынын кроссовкаларын саткан. Аны Бауэрман ыңгайлаштырып кайрадан жасап чыккан.

6 Фил алгач машинасынын багажына бут кийимдерди жүктөп алып, стадиондорду кыдырып саткан.





7 **Nike**'тын эмблемасын Кэролин Дэвидсон деген студент кыз ойлоп тапкан. Фил ага 35 $ төлөгөн. Бир нече жылдан кийин бриллиант шакек жана **Nike**'тын 600 000 $ акциясын белек кылган.

8 Фил башка бренддерден өзгөчө болуш үчүн ачык апельсин түстүү кутуларды тандаган.







9 Фил ар кандай кайрымдуулукка 2 миллиард $ жумшаган.


10 Фил 2011-жылы анимациялык студия сатып алган. Ал компаниянын Каролина аттуу мультфильми хитке айланган.






# АНДА СӨЗ БАШЫНАН БОЛСУН...

Фил 1938-жылы Орегон штатында туулган. Ал ата-энеси жана эки карындашы менен чогуу жашаган. Кичинекейинде уялчаак болгон. Спортту, айрыкча бейсболду жакшы көрчү. Аны 12 жашында мектептин спорт командасынан “начар ойнойсуң” деп чыгарып салышкан. Бул ага аябай катуу тийген. Бирок Фил эч качан утулгусу келчү эмес.



Фил алаксуу үчүн бакчасына тоскоолдуктарды жасап алып, секирип чуркап машыга баштаган. Бир күнү Филдин апасы жайдары чуркап келип, анын тоскоолдуктарынан шып этип секирип кетет. Ал мыкты апа болчу. Ал Филге "Сен тез чуркайсың. Бейсболду таштап, чуркоо менен машыкчы", – дейт.


OREGON




Ошентип Фил чуркай баштайт. Көрсө, бейсболго караганда чуркоо ага көбүрөөк жагат экен. Орегон университетине тапшырган убакта ал чынында тез чуркап калган.

Анын тренеринин аты Билл Бауэрман эле. Билл талапты катуу койчу. Өзүнүн ишин да эң жакшы билип, спорт бут кийимдерин абдан жактырган. Ал тургай, кээде өзү жакшыртып жасап алчу. Фил тренери менен ынак болуп, колледжди бүткөнчө анын кол алдында машыккан.

Университетти бүтүргөндөн кийин да Фил чуркоону таштаган жок. Ал чуркоону сүйчү. Кээде кыйналганы менен, чуркоо аны сергитип, ырахат тартуулаган. Чуркоо ага оюн сыяктуу сезилчү.



Фил журналисттик кесипти окуган. Бирок окууну бүткөндөн кийин деле эмне иш кыларын билген эмес. Ошол учурда ал аскерде бир жыл кызмат өтөгөн. Андан кийин Стэнфорд университетине тапшырып, ал жактан "ишкердикти" түшүнгөн.

## "ТОБОКЕЛГЕ БАРА АЛГАН КИШИ ӨЗҮНҮН ИШИН, БИЗНЕСИН БАШТАЙ АЛАТ. МЕН ОШОНДОЙМУН!" – ДЕП ОЙЛОНГОН ФИЛ НАЙТ

Фил дипломдук ишинде кроссовка чыгарган жапон *Onitsuko Tiger* деген компаниянын бизнес моделин талдаган. Ал ага чейин бут кийим сатууну ойлонгон да эмес. Анын кызыгуусу мына ушул мезгилден башталат.





Фил Стэнфорд университетин аяктап Орегонго кайтканда деле эмне менен алектенерин билген эмес. Ал чуркаганда гана жакшы ойлоно алчу. Бир күнү кроссовкасын кийип Орегон токоюн аралап чуркап жөнөйт. Бир аздан кийин анын буттары өз алдынча кыймылдап, акыл-эси эркин чабыттап, ойлору сабалап уча баштады. Фил өзгөчө бир нерсе жасагысы келчү. Эл аны жакшы сөздөр менен эскеришин каалачу. Бир маалда анын оюна "Дүйнөдөгү эң мыкты спорттук бут кийим сатсам кандай болот?" деген укмуш идея келе калды. "Баягы жапон кроссовкаларындай..." Ошондо өзүнө жаккан иш менен да алектенип, спортсмендерге да пайдасы тиймек. Ооба, анын көксөгөнү ушул болчу!


キャラメル
ナミルク
RESTA
OPEN 1283
スーパー
サンガーシルク
ビフテキ
まり毛糸
江戸屋
コーヒ
喫



Фил жашоодогу багытын аныктап алган соң, убакытты текке кетиргиси келген жок. Алгач карызга акча таап Японияны кыдырып жөнөдү. Ал Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин талкаланган шаарларды аралап, көптөгөн Дзен буддисттеринин храмдарын кыдырды. Дзен ишениминде келечек дагы, өтмүш дагы маанилүү эмес. Бир гана азыркы учур маанилүү. Фил чуркаганда да дал ушундай сезимге кабылып, учурдун актуалдуулугун сезчү




ИНВ № 36263…

Ал Onitsuko Tiger фабрикасын кыдырып көргөндөн кийин, аларга АКШдагы дистрибьютору болгусу келгенин айтат. Жапондор анын фирмасы тууралуу сурашат. Фил өзүн бир аз ыңгайсыз сезет. Себеби анын эч кандай фирмасы жок эле. Орегондо чуркап жүргөндө алган көк тасмаларды эстей калып, оюнан “Компаниямдын аты... Blue Ribbon Sports” деп айта салат. Бул аталыш баарына ишенимдүү сезилип, жапондор Филге бут кийимдерин сатуу укугун беришет.




...ДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 36263

Ал Onitsuko Tiger фабрикасын кыдырып көргөндөн кийин, аларга АКШдагы дистрибьютору болгусу келгенин айтат. Жапондор анын фирмасы тууралуу сурашат. Фил өзүн бир аз ыңгайсыз сезет. Себеби анын эч кандай фирмасы жок эле. Орегондо чуркап жүргөндө алган көк тасмаларды эстей калып, оюнан “Компаниямдын аты... Blue Ribbon Sports” деп айта салат. Бул аталыш баарына ишенимдүү сезилип, жапондор Филге бут кийимдерин сатуу укугун беришет.



Фил Орегонго кайтып келгенден көп өтпөй, Япониядан бут кийимдер салынган кутулар келе баштады. Ал бир жуп кроссовканы дароо мурдагы тренери Бауэрманга белек кылат. Ага Филдин идеясы абдан жагып, өнөктөш болгусу келгенин айтат. Ошентип экөө биргелешип, 1964-жылы Blue Ribbon Sports компаниясын негиздешкен.



Фил Орегонго кайтып келгенден көп өтпөй, Япониядан бут кийимдер салынган кутулар келе баштады. Ал бир жуп кроссовканы дароо мурдагы тренери Бауэрманга белек кылат. Ага Филдин идеясы абдан жагып, өнөктөш болгусу келгенин айтат. Ошентип экөө биргелешип, 1964-жылы Blue Ribbon Sports компаниясын негиздешкен.



Бауэрман бут кийимдерди жакшыртуу ишин, Фил болсо сатуу ишин колго алды. Өздөрүнүн дүкөнү жок болчу. Ошондуктан Фил бут кийимдерди машинасынын багажына салып алып, стадиондорду кыдырып сатчу. Фил бут кийимдерди өзү ойлогондон да бат сатып түгөтөт. Ал ошондо ийгиликтин сыры – өзү саткан буюмдун өзүнө абдан жакканында экенин түшүндү. Дүйнөдөгү өзгөчөлүктү жараткан дал ушул болчу!

Өзгөчө жеңил кроссовкалар тууралуу кеп туш тарапка бат эле тарайт. Эл бут кийим алуу үчүн Филдин үйүнө келе баштайт. Фил дүкөн ачуу убагы келгенин түшүнөт. Ошентип 1966-жылы Калифорния штатындагы Санта-Моникада алгачкы Blue Ribbon Sports дүкөнү ачылат. Бир канча сатуучу жалдап, иштери алдыга жылат.



Фил Пенелопа деген кызды сүйүп калат. 1968-жылы экөө баш кошот. Жашоо нугуна түшүп, абдан бактылуу күндөр өтүп жатты!


Бирок, эч күтүүсүз жерден жашоонун ой-чуңкуру башталды. *Onitsuko Tiger* компаниясы себепсиз эле кроссовка жөнөтүүнү токтотуп койду. Банк болсо насыя берүүдөн баш тартты. Филдин кыялы көз алдында талкаланып урай баштады.





Бирок Фил Бауэрмандын чуркоо боюнча үйрөткөнүн эстеди. “Канчалык кыйын болсо да, баштаган ишиңди таштаба!” дечү ал. Фил план түздү. Ал бардык кызматкерлерин чогултуп, компаниянын келечеги тууралуу сүйлөдү. “Компания өзүнүн кроссовкаларын жасай баштайт! Бир гана нерсе жетпей турат. Жаңы компанияны эмне деп атайбыз?” Кызматкерлердин бири байыркы гректердин жеңиш кудайы болгон Nike’тын атын коюуну сунуштады.

– **Сонун идея!** – деди Фил.


nike






Фил менен Nike үчүн оор мезгил болду. Бауэрман ар кандай тажрыйбаларды жүргүздү. Аялынын вафли жасаган идишин колдонуп, “вафли таман” деп аталган бут кийимдин таманын ойлоп тапты.

Акыры 1972-жылы Nike’тын эң алгачкы модели сатыкка чыкты. Фил абдан тынчсызданып турган. Ойлогон оюю ишке ашпай калса эмне болмок? Бирок тынчсыздануга негиз жок эле. Анткени анын кроссовкалары абдан жакшы сатыла баштады!

Фил дүйнөдөгү эң мыкты спортчуларга Nike'тын кроссовкасын кийгизгиси келген. Ал ошол кездеги эң мыкты атлет – Стив Префонтейинден 1972-жылкы олимпиадада Nike Cortez кроссовкасын кийүүсүн суранган. Бул өтө чоң ийгилик эле. Фил мыкты кроссовка чыгаруудан тышкары, аны кимдер киери маанилүү экенин түшүнгөн. Натыйжада Nike бир канча таанымал спортчулар менен, алардын ичинде Майкл Жордан менен да келишим түздү. Ошентип эң таанымал Air Jordan модели пайда болгон.






Nike компаниясы абдан тездик менен чоңоюп баратты. Өйдө-төмөн учурлар да болду. Бирок Фил кыялынан такыр баш тартпады. Учурда Nike спорттук кийим жана бут кийим чыгарган дүйнөдөгү эң ири компания. Фил миллиондогон кишилерди жана балдарды сергек жашоого, жигердүүлүккө жана өзүңөр билгендей "жасай бер" дегенге шыктандырды.



# ФИЛДИН ЖАШООС

Фил Найттын жашоосу тууралуу позитивдүү фактыларды тизмектейли.



## ФИЛ БИЗДИ ШЫКТАНДЫРАТ

Филдин компаниясы миллиондогон кишини спорт менен машыгууга шыктандырды. Сергек жашоо ден соолуктун гана эмес, бактылуу жашоонун кепилдиги экенин баарыбыз билебиз.

## ФИЛ КЫЯЛДАРЫНА ИШЕНЕТ

Кыялыңа ишенүү менен башкаларды шыктандыра аласың. Кээ бир учурларда ишке ашпай турган кыялдар да дүйнөнү өзгөртө аларын Фил сыяктуулар бизге эскертип турат.





# СУНАН ӨРНӨКТӨР!

## ФИЛ АБДАН МЫКТЫ ҮЛГҮ




Фил эмгекчилдиги жана чечкиндүүлүгү менен абдан байыды. Бирок ал акчасынын баарын өзүнө короткон жок. Миллиондогон долларларды кайрымдуулукка жумшап, элге жардам берүүгө умтулду. Ошондуктан ал Филантроп деп аталат. Баса, бул сөздүн Филдин атына эч тиешеси жок.


## ФИЛ ЖАРАТЫЛЫШКА КАМ КӨРӨТ

Бут кийим өндүргөн ири компаниялар табиятка зыян келтириши мүмкүн. Бирок Фил мүмкүн болушунча кайра иштетилчү материалдарды жана кайра калыбына келчү энергияны колдонууга аракет кылат.



# КАНТИП ФИЛ НАЙТТАЙ МЫКТЫ ИНСАН БОЛО АЛАМ?

Биринчиден, өзүң кандай болсоң ошондой бол. Анткени сен ансыз деле мыкты инсансың! Бирок тажрыйбалуу кишилерден үйрөнүү да сонун! Төмөндөгү Филдин айрым кеңештерине көңүл буралы.



# ӨЗҮҢДҮН КЫЯЛДАРЫҢА ИШЕН!

Баарынын эле кыялы бар: кичинекей, чоң, орто кыял. Кээ бир учурда айланабыздагылар идеяларыбызды акылга сыйгыс көрүп, же тантырап жаткандай ойлошот. Бирок сен башкаларды карабай, өзүңдүн кыялдарыңа ишен. Эң негизгиси – ӨЗҮҢДҮН кыялдарыңа ишенгениңде!

# ЧУРКА!

Сен бир нерсени ойлонгондо же бир көйгөйгө чечим издегенде сыртка чыгып чурка. Батутта секир, сууда сүз, велосипед теп, кыскасы кыймылда. Кыймылдоо ойлонууга жардам берет!



# ЖАСАЙ БЕР!

Баарыбыз ката кетиребиз. Ката – жашоонун бир бөлүгү. Көпчүлүк учурда ката кетирүү пайдалуу, анткени биз алардан сабак алабыз. Эгер биз ката кетирбесек, анда биз аракет кылбай жатабыз. Андыктан тур да, ойлогонуңду жасай бер!



УДК 82/821-93
ББК 83.84
Ф 86

What I Can Learn From The Incredible and Fantastic Life of Phil Knight
Copyright © 2019 Moppet Books

Фредрик Колтиң жана Мелисса Медина
Ф86 Фил Найттан эмне үйрөнө алам? Которгон: Асылбек Жоодонбеков, Бишкек - 2023. – 32 б. Сүрөтчү – Нацуко Йонеяма

ISBN: 978-9967-00-0-52-0

Фил Найт спорт бут кийимин сергек жашоо образынын символуна айландырган көрөгөч киши. Бул сүрөттүү китеп жаңы өсүп келаткан муунга Филдин өрнөктүү жашоосун тааныштырып, аларды кыялдарын орундатууга, жигердүү болууга жана айлана менен эриш-аркак жашоого шыктандырат. Китеп 6+ жаштагы окурмандарга арналат.

«Китепстан» басма үйүнүн директору: Бакытбек Абдуллаев
Редактор: Насыпбек Асанбаев
Корректор: Жетиген Асанбек
Верстка: Сыргакбек Абдырасов

Бардык укуктар корголгон. Анын ичинде басма үйүнүн жазуу жүзүндөгү уруксатысыз толук же жарым-жартылай кайра чыгарууга уруксат берилбейт.

ISBN: 978-9967-00-0-52-0
УДК 82/821-93
ББК 83.84
© «Китепстан» басма үйү, 2023

154 с

РБДЮ

36263 б/ф

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Бул китептин басылышы АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен ишке ашырылды. Китептин мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Авторлор: Фредрик Колтиң
Мелисса Медина
Сүрөтчү: Нацуко Йонеяма

«Китепстан» басма үйүнүн директору:
Бакытбек Абдуллаев
Которгон: Асылбек Жоодонбеков
Редактор: Насыпбек Асанбаев
Корректор: Жетиген Асанбек
Верстка: Сыргакбек Абдырасов

1-класс: 1.1 деңгээли, 1.2 деңгээли, 1.3 деңгээли
2-класс: 2.1 деңгээли, 2.2 деңгээли
3-класс: 3.1 деңгээли, 3.2 деңгээли
4-класс: 4.1 деңгээли, 4.2 деңгээли

« Global Print»
басмаканасында басылды.
Нускасы: 6378 даана

9 789967 000520